**Кыргыз Республикасынын Жергиликтуу Кенештердин депутаттарын шайлоо**
**2024-жылдын 17-ноябры**

Талас шаардык аймактык шайлоо комиссиясы

Ыкчам чара коруу тобунун

**Протоколу №3**

**Откорулгон орду : Талас шаары** **Откорулгон куну : 06.11.2024-жыл**

**Ыкчам чара коруу координациалык тобунун мучолору:**

**Талас шаардык Ички иштер болумунун орун басары Казакбаев Кутман**

**Талас шаардык Прокуратурасынын орун басары Шайдиев Айбек**

**Улуттук Мамлекеттик коопсуздук комитети Сыдыков Уларбек**

**торага-** Ташыбеков Самарбек Рахманкулович,

катчысы-Кыдыралиева Нургул Тологоновна

БШКнын атайын окулу Ашыркул уулу Кенжебек

**Каралуучу маселе: «Эл Умуту», «Ынтымак», «Жаны Кыргызстан», «Социал-демократтар», «Аманат ЭСП» саясий партияларынын «Бирге-Вместе» саясий партиясына карата жазган арызы жонундо.**

**Угулду:** торага С.Ташыбеков

Жамааттык арызда «Бирге-Вместе» саясий партиясы «Фейсбук» социалдык тармагындагы оздук баракчасына ушул жылдын 29-октябрь кундору талапкери Аскаров Эркин жонундо **видео-үгут материалдары жарыялаган.** Анда, Талас шаарынын мэринин учурдагы орун басары Аскаров Эркин видео-үгут маиериалында бюджеттин эсебинен аткарылган иштерди партиянын ишмердиги катары көрсөтүп,муниципалдык техниканы пайдаланган. “Бирге-Вместе” саясий партиясы шайлоо Мыйзамдарын одоно бузуп админ ресурс колдонушкандыгы боюнча Мыйзам чегинде чара коруну талап кылышкан.

Суйлоду : **Казакбаев Кутман**

Буга чейинки жамааттык арызда да ушундай маселе которулгон. Мыйзам чегинде админстративдик ресурс колдонгондугу боюнча териштируу жургузуу керек.

.

**Суйлолду. Ашыркул уулу Кенжебек**

Аскаров Эркин видео-үгут маиериалында бюджеттин эсебинен аткарылган иштерди партиянын ишмердиги катары көрсөтүп,муниципалдык техниканы пайдаланган. Мыйзам чегинде админстративдик ресурс колдонгондугун аныкташ учун **Талас шаардык прокуратурасына жиберуу керек.**

Жогорудагы маалыматтын негизинде **Ыкчам чара коруу координациалык тобу** томондогудой Чечим кылат:

2. **“Бирге-Вместе” саясий партиясынан Талас шаардык кенешинин депутаттыгына талапкерлигин корсотуп жаткан Аскаров Эркин шайлоо мыйзамдарынын талаптарына ылайык административдик ресурстарды колдонуу боюнча иликтоо жургузуп юридикалык баа беруну Талас шаардык Прокуратурасынан суралсын.**

3. Бул чечимдин аткарылышын козомол кылуу жагы КГОР торагасы С.Ташыбековго жуктолсун.

Торага: С.Ташыбеков

катчысы: Н.Кыдыралиева

**Кыргыз Республикасынын**
**Шайлоо жана референдум өткөрүү**
**боюнча борбордук комиссиясына**

**Көчүрмөсү**

***Талас шаардык аймактык***
***шайлоо комиссиясына***

***Жамааттык арыз***

Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын негизинде дайындалган жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо Талас шаардык кеңешине катышып жаткан "Бирге-Вместе" саясий партиясынан талапкер Талас шаарынын мэринин учурдагы орун басары Аскаров Эркин 28-октябрь күнү партиянын өздүк баракчасына жарыяланган видео-үгүт материалда республикалык жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен аткарылган иштерди партиянын ишмердиги катары көрсөтүп, муниципалдык менчиктеги техниканы пайдаланган. Аталган иш аракеттер "Фейсбук" социалдык тармагы жана "УТРК Талас телеканалы", ошондой эле партиянын үгүт басма материалдарында да жайылтылууда.

Бул аракеттер Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 17-1-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык, **көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө болгон ишти жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган транспорт каражаттарын акысыз же жеңилдетилген шарттарда пайдалануу**; 8-пунктуна ылайык, шайлоо өнөктүгү мезгилинде жалпыга маалымдоо каражаттарында, басылма үгүт материалдарында **жасалган иштер жөнүндө отчетторду жарыялоо**, талапкердин атынан тийиштүү шайлоо фондунун каражаттарынан төлөнбөгөн куттуктоолорду жана башка материалдарды таркатуу, - **административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануунун түрлөрүнө** киререрин ачыктайт.

Буга кошумча, бүгүнкү күндө шаардын аймагында жергиликтүү бюджеттин эсебинен жасалып жаткан саркынды суу түтүкчөлөрүн киргизүү, балдар аянтчаларын куруу сыяктуу бир катар иштер дагы "Бирге-Вместе" саясий партиясынан талапкер болуп катталган адамдардын участкаларында гана жүрүп жатышы да мэрдин орун басары Аскаров Эркин тарабынан административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу болуп жаткандыгын тастыктайт. Айтылгандарды тастыктоочу "Бирге-Вместе" саясий партиясы тарабынан даярдалган жана массалык маалымат каражаттарында таркатылып жаткан видео-үгүт материалдар арызга тиркелет.

Ошондой эле, "Бирге-Вместе" саясий партиясынан талапкер Талас шаарынын мэринин учурдагы орун басары өзүнүн ыйгарым укуктарын убактылуу токтотконуна карабастан, анын позициясы акыйкат жана адилеттүү атаандаштык принциптеринин сакталышына байланыштуу кооптонууну күчөтүүдө. Мүмкүн болгон кызыкчылыктардын кагылышын эске алуу менен, ошондой эле шайлоо өнөктүгүндө административдик ресурсту колдонууну жоюу үчүн талапкер шайлоого катышууда мэрдин орун басарлыгынан толугу менен баш тартуусу керек, анткени бул ачыктыкты жана шайлоо процессинин тазалыгына шарт түзөт деп эсептейбиз. Мындан тышкары белгилей кетсек, **Кыргыз Республикасы боюнча 33 шаарда шайлоо өнөктүгү жүрүп жаткан болсо, бир гана ушул Талас шаарынын мэринин учурдагы орун басары шайлоого талапкер катары катышып жатат**. Бул өтө терс көрүнүш. Себеби, шайлоодо жардам бербеген жетекчилерге карата шайлоодон кийин кастык кылбайт, алардын жайында иштөөсүнө мэрдин орун басары тарабынан тоскоолдук болбойт, куугунтуктоо болбойт деп ким кепилдик бере алат?

Андан тышкары, бүгүнкү күндө өлкө жетекчилиги тарабынан Талас шаарын өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулуп, республикалык бюджеттен өтө чоң өлчөмдөгү акча каражаттары бөлүнүүдө. Мэрдин учурдагы орун басары бөлүнгөн акча каражаттарын өздөштүрүп, шаарды өнүктүрүүгө максаттуу пайдалануунун үстүндө иштебестен жергиликтүү кеңештин шайлоосунда эмне максатта катышып жаткандыгы бардыгына табышмак!?

Жогоруда келтирилген жүйөлөрдү эске алуу менен, Биз - Талас шаардык кеңешинин депутаттарын шайлоого катышып жаткан бардык саясий партиялар "Бирге-Вместе" саясий партиясы тарабынан Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 17-1-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4,8-пункттары бир нече ирет одоно түрдө бузулгандыгына байланыштуу, аталган мыйзамдын 44-беренесинин негизинде **"Бирге-Вместе" саясий партиясынын тизмесин каттоону жокко чыгарууну жана мыйзам бузган талапкерди жоопкерчиликке тартууну талап кылабыз.**

*Тиркеме:*

1. Административдик ресурс кыянаттык менен пайдаланылып жаткандыгын жана Талас шаарынын мэринин учурдагы орун басары Аскаров Эркин тарабынан шайлоо мыйзамдарынын бир кетер беренелери одоно бузулуп жаткандыгын тастыктоочу "Бирге-Вместе" саясий партиясы тарабынан даярдалган жана массалык маалымат каражаттарында таркатылып жаткан видео-үгүт материалдар – ____ USB флешкада.

1. “Эл Үмүтү” СП ______________________________,

2. “Ынтымак” СП ______________________________,

3. “Жаңы Кыргызстан” СП ______________________,

4. “Социал - демократтар” СП __________________,

5. “АМАНАТ” ЭСП” СП _________________________.

Талас шаары

03.11.2024-ж.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ШААРДЫК**
**АЙМАКТЫК**
**ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ГОРОДСКАЯ**
**ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ**
**ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ**
**КОМИССИЯ**

722720, Кыргыз Республикасы,
Талас шаары, К.Нуржанов көчөсү №18
тел./ факс:: +996 (3422)5-20-83
adm45-1@bishkek.gov.kg

722720, Кыргызская Республика,
город Талас, улица К.Нуржанова №18
тел./ факс: +996 (3422) 5-20-83
adm45-1@bishkek.gov.kg

№34 07. 11 2024 г.

**Талас шаардык**
**Прокуратурасына**

2024-жылдын 06-ноябрында Талас шаардык аймактык шайлоо комиссиясына "Эл Умуту", "Ынтымак", "Жаны Кыргызстан", "Социал-демократтар", "Аманат ЭСП" саясий партияларынан "Бирге-Вместе" саясий партиясына карата жазган арызы келип тушкон. Келип тушкон арыз 2024-жылдын 6-ноябрында саат 17:00 Талас шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын Ыкчам чара көрүү координациалык (КГОР) тобунун отурумунда каралган.

Анда, "Бирге-Вместе"саясий партиясынан Талас шааардык кенешинин депутаттыгына катталган талапкер **Аскаров Эркин "Фейсбук" социалдык тармагындагы партиянын оздүк баракчасына ушул жылдын 28-октябрь күндөрү видео-үгүт материалдары жарыяланган.** Шайлоо мыйзамдарынын талаптарына ылайык административдик ресурстарды колдонуу боюнча териштирүүнү жана ыкчам түрдө тергөө жүргүзүп юридикалык баа берүүнүздөрдү билдирем.

**Талас шаардык аймактык**
**шайлоо комиссиясынын торагасы:** **С.Ташыбеков**

Алдым А. Шайдиев